**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИСН: 01704199610123

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИНН: 01704199610123

№02-1-12/508 «17» 05 2021

Сизд.чыг. (На) №__________ «_____» __________20___

**Ош облусундагы**
**Кара-Суу районунун**
**Папан айылдык кеңешинин**
**депутаттыгына талапкерлер**
**М. Жалиевге, К. Атокуровго,**
**Р. Кожобаевага, Г. Ысмановага**
**жана башкаларга**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары - БШК) Сиздин 2021-жылдын 10-майындагы (кир. № 01-12/1535) катыңызды карап чыгып, төмөнкүлөрдү билдирет:

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 37-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдордо жана (же) жыйынды таблицаларда каталар, ылайык келбөөлөр табылганда же участкалык шайлоо комиссияларынан түшкөн протоколдордун түзүлүшүнүн тууралыгына күмөн саноо пайда болгондо аймактык шайлоо комиссиясы добуштарды кайтадан эсептөө жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу. Кайталап эсептөө Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн (мүчөлөрүнүн) милдеттүү катышуусунда жүргүзүлөт.

2021-жылдын 14-апрелинде Кара-Суу районунун Папан айыл аймагынын № 5261 участкасында КР БШКнын мүчөсү А.Т. Асаналиевдин катышуусунда шайлоочулардын добуштарын кайталап эсептөө жүргүзүлгөн. Кайталап эсептөөнүн натыйжалары аталган шайлоо участкасы боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктарына таасирин тийгизе алган жок.

Ошондой эле, Мыйзамдын 42-беренесинин 8-бөлүгүнө ылайык «*Арыздар (даттануулар) шайлоо процессинин субъектине анын шайлоо укуктары бузулгандыгы, чечимдер кабыл алынгандыгы, аракеттер (аракетсиздиктер) жасалгандыгы жөнүндө белгилүү болгон учурдан тартып токтоосуз, бирок 3 календардык күндөн кечиктирилбестен берилет*».

Ушуга байланыштуу, арызда көрсөтүлгөн Сиздин талаптарыңызды азыркы убакта Мыйзамда белгиленген тартипте канааттандыруу мүмкүн эмес экендигин билдиребиз.

**Төраганын орун басары** **А. Бекматов**

Атк. Э.Т. Мырзакматова 66 01 16